Oş Devlet Ünıversitesi
İlahiyat Fakültesi İlmi Dergisi
20-21. sayı 2015

Ош мамлекеттик университети
Теология факультетинин илимий журналы
20-21-саны 2015

# КУРАН НЕГИЗИНДЕ ДААВАТЧЫНЫН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

**Ниязали Арипов**
PhD, ага окутуучу
ОшМУ Теология факультети

**Аннотация**

Куран инсандарды туура жолго чакырган китеп болуп саналат. Ал, туура жолго чакырууда түрдүү усул-ыкмаларды колдонгон. Куран көбүнесе инсандын акылына, түшүнүгүнө таасир бере турган кайрылууларды көп айткан. Куран инсанды акыйкат жолго чакырууда алардын түрдүү түшүнүктө жана дэңгээлде, аркандай шарттар ичинде экендигин эске алган. Ошондуктан анда, ар бир инсандын социалдык жашоо чөйрөсүнө таасир берүүчү ыкмалар колдонулган.

Куран негизи боюнча даават кылуучу инсан сөзсүз түрдө көп кырдуу билимге, усул-ыкмаларга ээ болуусу кажет. Мунсуз күнүбүз инсандарына таасир берүү абдан татаалга турат. Айрыкча тереӊ билимдүү, сылык мамилелүү, сөзү менен өзү шайкеш өзгөчөлүккө ээ болгон үгүттөөчүнүн таасир берүүсү сөзсүз жогору болот.

**Abstract**

Qur'an is one of those holy book that initiates people to the honest. İt teaches different methods to become honest.According to it we should learn from people's mind and understanding. Qur'an is for all sorts of people and cares equally among its people. Different people from different social grounds and status are treated equally. Only those people should welcome their friends or relatives into the teachings of Qur'an who have exhaled in its experiences and have good knowledge about the religion. Without experience and knowledgewe should not ask somebody to join Qur'an. The people who have deep knowledge understanding and act accordingingly can influence others to join the teachings of the holy Qur'an.

## Даават жөнүндө

Инсан, Аллахка ибадат кылуу үчүн жаратылган.[1] Бул милдетин аткаруу үчүн ага акыл жана эрк берилген. Муну менен ал дээринде бар болгон жакшы жана жаманды, туура жана катаны, акыйкат жана акыйкатсыздыкты айырмалап билүү жөндөмүнө ээ.[2] Адилеттүүлүктү орнотуусу үчүн инсанга жол көрсөтүүчү жол башчы, өрнөк болуучу катары пайгамбарлар жана акыйкатты таанытуучу китептер берилген.[3] Инсан, ыйман,[1]

[1] 51/ Зарият,56
[2] 91/ Шамс, 8
[3] 57/ Хадид, 25;35/ Фатыр, 24-25
[1] 3/Аали-Имран,179

ибаадат жана моюн сунуу маселесинде жооптуу. Бирок ал динди кабыл алууда мажбурланган эмес.[1] Жараткан, инсандын кандай амалдарды жасаарын сыноо үчүн ага тирүүлүк жана өлүм берген[2]. Бул жаатта ага ыктыярдуулук эрки берилген.[3] Ошону менен бирге Алла Таала анын ыйманга келүүсүн, жакшы иштерди жасоосун каалайт.[4]

Андыктан, Жаратуучу, пенделерине жакшылыкты буюруп жамандыктан кайтуусун үгүт кылат[5] жана пайгамбарларды таасирдүү сөз айтып үгүт берүүгө буюрган.[6] Дааваттын булагы болгон Куран инсандар үчүн үгүт-насаат, жүрөктөрүн айыктыруучу шыпаа, ыймандууларга туура жол болуп саналат.[7]

Динди жеткирүү, түшүндүрүү, эскертүү пайгамбарлардын миссиясы болгондой эле ар бир момундун дагы озуйпасына кирет.[8] Айтор, Зарият сүрөсүнүн 55-аятында «Эскерт! анткени эскертүү момундарга пайда берет»деп бекеринен айтылбаган.

Бир коомдо «Жакшылыкка чакыруу жамандыктан тыюу» иштери жүрбөсө мунун акыбети, кесепети же натыйжасы коомдун жакшы жаманы ыймандуу ыймансызы дебей баарына тийет. Абу Бакр Сыддык мындай деген; Мааида сүрөсүнүн 105-аятындагы «Эй ыйман келтиргендер! Силер (Кыяматта) өзүңөр үчүн жооп бересиңер. Силер туура жолдо жүрсөңөр-адашкандар (каапырлар) силерге зыян келтире алышпайт» аятын туура эмес түшүнүп жатасыңар. Анткени бул аят туурасында Пайгамбардан «Инсандар жаман адамдын жамандыгын көрүп туруп аны бул жамандыгынан кайтарууга далалат кылбаса Жараткан жакын заманда жаманды да жаманды кайтарбагандарды да бирге жазалайт»[9] деген эскертүүнү уктум деп айткан. Ошондуктан мусулман адам жамандыктан кайтаруу үгүт жүргүзүүсү керек болот. Эгерде кайдыгерлик кылса кесепети анын өзүнө да жетээрин түшүнөт. Ал эми айтып, түшүндүрүп, жеткирип койгондон кийин ыйман келтирбей койгон каапырлар үчүн жооптуу болушпайт.

---

1 2/ Бакара,256
2 67/ Мүлк, 2
3 18/ Кахф, 29
4 64/ Тагабун, 9
5 4/ Ниса, 58
6 4/ Ниса, 63
7 10/ Юнус, 57
8 3/ Аали-Имран,110
9 Абу Давуд, Малахим, 18, nr: 4338, IV, 510: Тирмизи, Фитен, 8: Ибн Маже, Фитен, 20.

Ал эми даават кылуу, эскертүү, түшүндүрүүнүн сапаттуулугу жөнүндө зарылдыктардын билинүүсү кажет. Жеткирүү түшүндүрүү иштери мечитте болобу же мечиттин сыртындагы жайларда болобу айтор эске ала турган биртоп курал-эрежелерге, дааватчынын сыпаттарына көңүл буруу лаазым. Бул эреже-сыпаттардын айрымдарына токтоло турган болсок:

1. **Дааватчынын өзү диний темаларды жакшы өздөштүргөн болуусу керек.**

Бир нерсени түшүндүрүүнү максат кылган адам ал нерсенин усулун жана негиздерин жакшы өздөштүрүп алуусу зарыл. Айтор ал нерсени өзү жакшы билбесе айтыла турган нерсени толук ачып бере албай калат. Ошону менен бирге кээде туура эмес такталбаган нерсени айтып, каш койом деп көз ойгондой жаңылыш нерселерди айтып, пайдасынан зыяны көп болуп, коомду натуура жакка буруп жиберет жана күнөөкөр болот. Пайгамбарыбыз с.а.в. «Ким билбей туруп жаңылыш фатва (диний өкүм) берсе мунун күнөөсү фатва бергенге жүктөлөт»[1]деген.

2. **Даават, Аллахтын ыраазылыгы үчүн жүргүзүлүп, мындан башка кызыкчылык үчүн болбошу керек.**

Куран жана Хадистерге негизделбеген пикир түшүнүктөрдү жайып дин атынан өкүм берүү опурталдуу болуп эсептелет. Аллах ыраазылыгы көздөлбөгөн жерде бараандуу натыйжа болбойт. Анткени инсандар Алланын ыраазылыгы алкагында ыкластуулук, калыстык болбогон иштерге этибар беришпейт.

3. **Даават, үгүт-насаат Куран жана Сахих хадистер негизинде жүргүзүлүүсү кажет.**

Куран жана Хадистерде жок болгон нерселерди дин атынан айтуу чоң бир күнөө болуп саналат. Куранда жана сүннөттө болбогон нерселер, жасалма хадистерди, динге кызыктыруу максатында да болсо айтбоого тийиш. Анткени акылга, реалдуулукка төп келбеген апыртмалуу кабарлар адамды динди реалдуу түшүнүүдөн узакташтырып койот. Аятта буга карата мындай айтылган: «Тилиңер, бул-арам, бул-адал деп жалган сыпаттаганын айтпагыла. Анда Аллахка жалаа жапкан болосуңар. Чындыгында, Аллахка жалган жалаа жапкандар

[1] Абу Давуд, Илим, 8, nr. 3657, IV, 667

(азаптан) кутулушпайт»[1]; «Билбегениңдин артынан ээрчибегин. Акыйкатта кулак, көз жана жүрөк, мунун баары жооп берүүгө тартылат»[2] Пайгамбарыбыз с.а.в. болсо «Менден хадис айтууда кылдат мамиле кылгыла; бир гана (анык менин сөзүм болгон) билген хадистерди риваят кылсаңар болот. Ким атайлап менин атымдан жалган хадис айтса тозоктогу жайына даярдана берсин. Кимде ким Куран туурасында өз көз карашы менен бир нерсе айтса тозоктогу жайына даярдансын».[3] «Ким мен айтпаган бир нерсени мага байланыштырып айтты деп айтса тозоктогу орундугуна даярдансын».[4]

**4. Даават кылуучу түшүнүктүү тилде жана сылык мамиледе болуусу абзел.**

Даават кылуунун максаты, буйруктардын аткарылуусу жана тыюлардан узак болууну ишке ашыруу. Бул максатты ишке ашырууда сүйдүрүү жана ынандыруу аркылуу гана мүмкүн болот. Ошондуктан үгүт берүүдө сылык ыкма, таттуу тил жана ачык маанай таасирдүү болот. Аллах таала «(Эй Мухаммад) Сен үгүт бер! Анткени сен биргана үгүт берүүчүсүң. Аларды мажбурлоочу эмессиң»[5] деп буйурган. Андыктан үгүт берүүдө кыйкырып орой айтуу жакшы метот эмес. Аллах Таала «Жүрүшүңдү орточо кыл,үнүңдү басаңдат. Анткени үндөрдүн эң жаманы эшектердин үнү»[6]деп айткан. Аллах Таала Муса жана Харунга с.а.в. «Экөөң Фараонго баргыла, анткени ал чектен чыккан. Ага жумшак сөз сүйлөгүлө. Балким ал насаатты угаар, же (тозоктон) коркоор».[7]деп айткан. Пайгамбарга с.а.в. Жараткан мындай айткан «Аллахтын ырайымы менен сен аларга жумшак мамиле кылдың. Эгерде сен каттуу жүрөк , орой болгонуңда, анда алар сенин айланаңдан чачылып кетмек. Аларды кечир жана алар үчүн кечирим сура.[8] Айтылган үгүттүн тили түшүнүктүү болуусу үчүн, шашылбастан даана жана так сөз сүйлөнүүсү кажет. Айрым сүйлөмдөр кайталанбашы керек. Сахабалардан Анас р.а. Пайгамбарыбыз туурасында айтат: «Аз ирети Пайгамбар, бир сөз

[1] 16/ Нахл, 116
[2] 17/ Исра, 36
[3] Тирмизи, Тафсир, 1, nr. 2951, V, 199.
[4] Бухари, Илим, 38. I, 35.
[5] 88/ Гашия, 21-22.
[6] 31/ Улукман, 19
[7] 20/ Таха, 43-44
[8] 3/ Аали-Имран, 159

сүйлөгөндө, сөзү түшүнүктүү болуусу үчүн айткан сөзүн үч жолу кайталайт эле»[1]деп айткан.

**5. Дааватчынын кылган иштери менен айткан сөздөрү бир болуусу.**

Өзү аткарбаса да Ислам өкүмдөрүн инсандарга айтып түшүндүрүү ар бир момунга милдеттүү нерсе. Бирок үгүт берүүчү, айткан сөздөрүнө өзү тескери иш жасабашы керек. Куран, «Силер китепти (Тооратты) окуп туруп адамдарды жакшылыкка буйуруп, а өзүңөрдү унутуп койосуңарбы? Акылга келбейсиңерби?»[2] деп китеп ээлерин катуу сындаган. Аллах таала Куранда,[3] Аллахка ыйман келтирүүгө чакырган инсандын сөзүнүн таасирдүү болуусу үчүн өзү мусулман болушу жана жакшы амалдарды аткаруусу керектигин айтат. Ошондой эле Аллах таала Шура сүрөсүнүн 15-аятында Пайгамбарыбызга с.а.в. «(Инсандарды Исламга) чакыр жана буйрулганыңдай түз туура бол»[4] деп буйурган. Бул эскертүү Пайгамбар аркылуу бардык момундарга таандык болот.

**6. Даават кылуучу динди татаалдаштырбашы керек.**

Дааватчынын айткан үгүт маселелери көп узун болуп инсандарга оор келбеши керек. Пайгамбар с.а.в. «Жеңилдеткиле татаалдаштырбагыла, сүйүнчүлөгүлө тиксиндирбегиле»[5]деген.

**7. Үгүт-насаат кылууда адамдардын жеке адамдыгы эмес алардын кылык-жоруктары, айткан жалган-жалаа сөздөрү башкаларга эскертүү катары сындалуусу мүмкүн.**

Даават кылуучу, үгүт-насааты аркылуу инсандарды туура диний маалымтка ээ кылууну, Исламды жакшы көрүүсүн, алардын Аллах каалагандай мусулман болуусун максат кылуусу зарыл. Сындаганда инсандын өзүн эмес анын ката жолдогу ишенимин, жаман адаттарын оңдоосун көздөшү пайдалуу. Айтор жеке душмандыкка өтүп кетпеши пайдалуу. Аллах Куранда момун,[6] муттаки,[7] мухсиндерди[8] мактаган жана буларга каршы

---

[1] Бухари, Илим, 30, I, 32.
[2] 2/ Бакара, 44
[3] 41/ Фуссилат, 33
[4] 42/ Шура, 15
[5] Бухари, Илим, 11, I, 25; Ахмат, I, 129.
[6] 8/ Анфал, 12
[7] 2/ Бакара, 2-5
[8] 3/ Аали-Имран, 134

мушрик,[1]каапыр жана мунафыктарды,[2] сындап алардын жаман сапаттарын түшүндүргөн.

Куранда, өзүн Кудай даражасына көтөргөн, байлык жана мансапка чиренип Илахий вахийди кабыл кылбай Пайгамбарга каршы болгон Фараондун, Хамандын,[3] Пайгамбардын душманы мушрик Абу Лахаб жана аялынын, инсандарды хидаяттан адаштырган Самири[4] сымал аз сандагы адамдардын гана ысымдары аталып сындалган. Көпчүлүк инсандар жана коомдордун жаман сапаттары айтылып сындалган. Андыктан үгүт берүүчү адамдын өзүн душман көрбөй анын кылган иштери, бузуку ишенимдери менен күрөшүүнү максат кылганы жакшы. Үгүт берүүдө Алла, Пайгамбар, Куран, Ислам түшүнүктөрү алкагында мусулмандардын бир тарап болуп сынга калуусуна жол бербегенге аракет кылуу кажет. Куранда «Аллахтан башкаларга сыйынып жаткандарды тилдебе! Анткени алар да душмандык кылып, билбестиктен Аллахты (динин жана пайгамбарын) тилдеп коюшат».[5]

Ошондуктан Куран аятында «Жок! Ал (Куран) чындыгында бир үгүт эскертүү, каалаган андан насаат алат»[6] деп айтат. Ал эми акыйкатты уккусу келбегендер, өз ыктыярдуулугу менен узактап кетишет.

**Корутунду**

Натыйжада ушуну эске алуубуз керек. Ар бир инсан төрөлгөндөн эле жакшылыкка, ыйманга, ыкласка келүүгө ыңгайлуу жана мындай жөндөмдүүлүккө ээ. Инсандын дээринде булардын баары орун алган, Кудай тараптан берилген. Маселе аны пайдалана билүсү же ойгото билүүсүндө жатат. Инсандын, дин аныктамасы боюнча, жаман адамга айлануусу, акыйкатты чанган өзүмчүл болуп кетүүсү, буга ылайык жаман кылык жоруктары кийин пайда болот. Ошондуктан адамдын өзүн, жаралышынан жаман деп айтууга болбойт, маселе анын кылган иштери, айткан сөздөрү, жүрүм-туруму жана ишениминде болууда. Андыктан ар бир инсан үгүт алууга, үгүт жүргүзүүгө, илим-билим алууга, аны таратып үйрөтүүгө муктаж. Буларсыз

[1] 33/ Ахзаб, 73
[2] 4/ Ниса, 140
[3] 28/ Касас, 38
[4] 20/ Таха, 85
[5] 6/ Анъам,18
[6] 74/ Муддассир, 54-55

Кудайды ыраазы кылып эки дүйнө жашоосунда бактылуу болуу мүмкүн эмес.

Курандагы негизги максаттардын бири адам баласынын жаман болуп кетүүсүнүн алдын алуу үчүн даават, үгүт-насаат кылуу болуп саналат. Пайгамбарыбыз Мухаммад алейхис саламдын негизги иши *жеткирүү* жана *баяндап түшүндүрүү* болгонунун өзү эле бизге дааваттын, үгүт-насааттын канчалык зарыл иштерден экенин айгинелеп турат. Муну туура метод жана камылгалар менен аткаруу маанилүүлүгүн унупашыбыз абзел.

**Conclusion**

Therefore, we should learn the teachings of Qur'an.. Every man is born with goodness goodness.All good things are given to people by the God. The manner is which we use goodness dependon us. According to the religion the bad characters of people is appear from the life. Thats why we can not give bad appeciate creation of man who can give appeciate their behaviour and action. So every man need learn education and explain. İf god doesnt thank from people their can not be happy.Themain purpose ofQur'anis to help and protect people for their well being.

The main work of the prophet was to expread the teachings of the holy Qur'an. We should teach others. Because prophet proved it. We should not forget that teach has sort of methods.